**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**5-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Автоунааны ижарага алуу күнүнө 800 сом, жана ага ар бир басып өткөн километри үчүн 30 сом кошулат.

Кайсы туюнтма автоунааны ижарага алуу үчүн төлөмдү аныктайт?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) (875+800)·5
Б) 800·5+875·30
В) (800+875)·30
Г) 800+875·30

**Автоунааны ижарага алуу**

Нияз 5 күндүк экскурсияга автоунааны ижарага алып, аны менен 875 км жол жүрдү.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: сандык туюнтманы түзө билүү
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Б) 800·5+875·30 |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***



Автоунаанын багына 60 литр бензин бата турган болсо, ага канча жолу бензин куюу керек?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 1 жолу
Б) 2 жолу
В) 3 жолу
Г) 4 жолу

**Автоунааны ижарага алуу**

Ижарага алынган унаа 100 километрге 12 литр бензин сарптайт. Нияз 875 км жолду ижарага алган машина менен басып өткөн.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: орточо (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: эсептөөлөрдү аткара билүү
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Б) 2 жолу |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

| | |
|---|---|
| **Оӊ жактагы текстти окугула.**<br>***3-тапшырма.***<br>Нияз бүткүл экскурсияга тамак-ашка, бензинге канча суммадан көп эмес акча коротууну пландаган?<br><br>**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:** | **Автоунааны ижарага алуу**<br>Экскурсияны пландаштырып жатканда Нияз 5 күн жолдо болуп, жалпысынан 800 км жол басып өтөм деп ойлогон. Ал күнүнө тамак-ашка 650 сомдон ашык эмес, 100 литрден ашпаган бензин коротууну пландаган . Бир күндүк экскурсияда тамак-ашка 625 сом коротуп, бензиндин литри 70 сомдон болгон.<br> |
| **Тапшырманын мүнөздөмөсү**<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү<br>• Контекст: жеке<br>• Деӊгээли: жогорку (креативдүү)<br>• Жооптун форматы: кыска жооп берүү<br>• Баалоо объектиси: эсептөөлөрдү жүргүзүү<br>• Максималдык балл: 2 балл<br>• Баалоо жолу: эксперттик | **Баалоо системасы** (see table below) |

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | 10250 сом |
| 1 | 10125 сом (пландаган деген суроону эске албаса) |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |